**«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРОКУРАТУРА ОРГАНДАРЫНЫН ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТАРЫН КОРГОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН УЮШТУРУУЧУЛУК ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ» ДЕГЕН ТЕМАДАГЫ 12.00.11 – СОТ БИЙЛИГИ, ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛ, УКУК КОРГОО ИШТЕРИН УЮШТУРУУ АДИСТИГИ БОЮНЧА ЮРИДИКА ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ ОКУМУШТУУЛУК ДАРАЖАСЫН ИЗДЕНИП АЛУУГА КӨРСӨТҮЛГӨН ЧЫНЫБАЕВА НУРГУЛЬ ЖЕНИШЕВНАНЫН ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШИНЕ РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ**

**1. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий жана жалпы мамлекеттик программалар менен байланышы**

Жашы жетпегендер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн спецификасы Кыргызстанда жашы жетпеген баланын өзгөчө абалына принциптин бар экендиги менен мүнөздөлөт. Мындай абал жашы жетпегендердин психофизиологиялык жана интеллектуалдык комплекси менен байланыштуу. Мындан улам, автордун пикиринде, мыйзам чыгаруучу жашы жетпегендердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын юридикалык коргоонун жана кошумча кепилдиктеринин жогорку деңгээлин түзүүгө өзгөчө көңүл бурушу керек.

Диссертанттын пикири боюнча жашы жетпеген балдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында аймактык ченемдик укуктук актылардын мониторингин жүргүзүп туруу, маалымат-аналитикалык ишти туура уюштуруу, көзөмөлдөө органдарынын жана мекемелеринин иши, көзөмөлсүздүктү жана укук бузууларды алдын алуу иштери, жашы

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 119 от «04» 06 2021 г.

жетпегендердин кылмыштуулук абалын талдоо жөнүндө статистикалык маалыматтарды өз убагында алып туруу зарыл.

Ошондой эле, туура уюштуруу максатында прокурордук көзөмөлдү мерчемдөө, көзөмөлдүн артыкчылыктарын аныктоо жана прокурордук ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда тактикалык ыкмаларды чебер колдонуу керек деп эсептейт автор.

Жашы жетпегендердин укуктарын жана эркиндиктерин чындап сактоонун кепилдиктеринин бири прокурордук көзөмөл болуп саналат. Азыркы этапта ал прокурордук ишмердүүлүктүн абдан маанилүү, негизги багыты болуп саналат. Бул багытты обочолоп көрсөтүү азыркы кырдаалдагы прокуратуранын укук коргоо потенциалынын өсүшү, ошондой эле балдардын кызыкчылыктарын мамлекеттик коргоо механизминде прокуратура органдарынын позицияларынын дээрлик жогорулашы тууралуу маалымат берет. Өзүнүн функцияларын аткарууда прокуратура органдары жашы жетпегендердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоону контролдогон башка мамлекеттик органдарды жана кызмат адамдарын алмаштырбайт жана кайталабайт. Прокурорлордун көзөмөлдөө практикасы Конституциянын ченемдерине толугу менен туура келген бүтүндөй укук колдонуучу жана мыйзам чыгаруучу ишмердүүлүктү камсыздоонун муктаждыгын аныктоочу укуктардын жана эркиндиктердин түздөн-түз аракетинин принцибинин негизинде куралат.

Андан тышкары, жашы жетпегендердин укуктарын коргоо убакыттын өтүшү менен Кыргыз Республикасында актуалдуу проблемага айланып, коомчулуктун жана бийлик чөйрөсүнүн бүйүрүн кызытып, мамлекеттик эң маанилүү функцияларынын катарына турду. Мамлекеттик институттардын жайылтылган системасы аркылуу ишке ашып, конкреттүү ар бир органдын ишмердүүлүгүндө бул функция өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ болуп, анын аткарылышы шек жаратпайт.

**2. «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун» жана «Баалоонун критерийлери жана окумуштуулук даражаны изденип алууга көрсөтүлгөн диссертацияга карата талаптардын» II бөлүгүнүн алкактарында илимий натыйжалар**

Каралып жаткан диссертациялык изилдөөнүн алкагында илимий натыйжалар болуп, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жана укуктук негиздери маселелеринде укук илиминин мындан ары өнүгүшүнө бир кыйла маанилүү болгон төмөнкү жоболордун жыйындысы эсептелет.

**1-жыйынтык.** Автор тарабынан жашы жете электердин укугун коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жана укуктук негиздерин жакшыртуунун концептуалдуу мамилеси негизделет жана автордук туюндурма сунушталат.

**2-жыйынтык.** Анализ жүргүзүүдө жашы жете электердин укугун коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишинин эффективдүүлүгүн төмөндөткөн кемчиликтерди жоюу зарылдыгы далилденет.

**3-жыйынтык.** Изденүүчү жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн коомдо укуктук маданияттын деңгээлин жогорулатуу зарылдыгын көрсөтөт жана негиздейт.

**4-жыйынтык.** Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүн укуктук негиздерин жакшыртуу максатында изденүүчү тарабынан жашы жете элек укук бузуучуга мамлекеттик айыптоочу аркылуу жазаны аныктоодо прокурордун катышуу формасын жана милдеттерин конкреттештирүү сунушталат.

**5-жыйынтык.** Изденүүчү жашы жете электердин укугун коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдүн уюштуруучулук түзүмүн жакшыртуунун зарылдыгын белгилейт. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Коррупцияга каршы аракеттенүү жана мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө башкармалыгынын алкагында компетенциясына жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик бийлик органдары тарабынан жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жана прокурордук текшерүүлөрдүн тактикасына жана методдоруна көзөмөл кирген жашы жете электердин иштери боюнча бөлүмдөрдү түзүүнү сунуштайт.

**6-жыйынтык.** Автор жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн ишке ашуусундагы жеке методдун түзүмүнүн эң маанилүү элементтерин пайдаланууну сунуштайт.

**7-жыйынтык.** Автор жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын уюштуруу-укуктук иш көйгөйлөрүн изилдеп чыгып, уюштуруучулук тартиптеги ар түрдүү чараларды комплекстүү колдонуу зарылдыгы жөнүндө корутундуну негиздеп, ал азыркы маалымат технологияларында түйүндөлүшү керек дейт.

## 3. Диссертациядагы корутундулардын жана жыйынтыктардын ар бир натыйжасынын (илимий жобонун) негиздүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли

Автор түзгөн илимий корутундулардын жана жыйынтыктардын негизделүү деңгээли төмөнкүлөр менен тастыкталат.

**1-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, себеби улуттук укуктун ченемдик укуктук актыларды теориялык-укуктук жактан ар тараптуу талдоого негизделген.

**2-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, себеби жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишинин мамлекеттик саясатын талдоого негизделип, жыйынтыгында анын натыйжалуулугун төмөндөтүүчү бир катар кемчиликтер табылган.

**3-жыйынтык.** Жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн коомдо укуктук маданияттын деңгээлин жогорулатуу зарылдыгы менен негизделет. Ишенимдүү, себеби ченемдик-укуктук актыларды жана укук колдонуучу тажрыйбаны талдоого негизделген.

**4-жыйынтык.** Жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишинин укуктук негиздерин жакшыртуу зарылдыгы жана жашы жете элек укук бузуучуга мамлекеттик айыптоо аркылуу жазаны аныктоодо прокурордун катышуу формасын жана милдеттерин конкреттештирүү негизделет. Ишенимдүүлүгү жазык жана жазык-процессуалдык кодекстин, ченемдик-укуктук актылардын жана алардын укук колдонуучу практикасын талдоого негизделет.

**5-жыйынтык.** Негизделген, себеби жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн ишке ашуу түзүмүнүн маанилүү элементтерин жакшыртуу үчүн айрым чараларды иштеп чыгуу жолу менен аныкталган, ал эми ишенимдүүлүгү улуттук, эл аралык мыйзамдарды жана чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын талдоого негизделген.

**6-жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды талдоого таянгандыктан, негизделген жана ишенимдүү.

**7-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, бул уюштуруучулук тартиптеги ар түрдүү чаралардын комплекстүү базасын түзүүгө мүмкүндүк берип, анда азыркы маалымат технологиялары пайдаланылат.

**4. Изденүүчүнүн диссертациядагы ар бир илимий жыйынтыгынын (жобонун), бүтүмдөрүнүн жана корутундуларынын жаңылык деңгээли.**

**1-жыйынтык.** Жаңы, себеби прокуратура Кыргыз Республикасынын Конституциясын сактоо жана Кыргыз Республикасынын аймагында колдонуудагы мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө органы гана эмес, жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашыруу жана алар бузулган учурда калыбына келтирүүгө көмөктөшкөн укук коргоо органы катары да иштешин аныктайт, ошондуктан жашы жете электерди коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жана укуктук негиздерин жакшыртуунун концептуалдуу мамилесин сунуш кылат.

**2-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, себеби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалуу модернизациялоо, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн мамлекеттик саясаттагы натыйжалуулугу жана аларды жакшыртуу маселесин козгойт.

**3-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы. Жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндө коомдун укуктук маданият деңгээлин көтөрүү зарылдыгы негизделет.

**4-жыйынтык.** Жаңы, себеби автор тарабынан жашы жете элек укук бузуучуга мамлекеттик айыптоочу аркылуу жазаны аныктоодо прокурордун катышуу формасын жана милдеттерин конкреттештирүү сунушталат.

**5-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, себеби автор жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдүн уюштуруучулук түзүмүн жакшыртуу маселелерин көтөрүп чыгат.

**6-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы. Жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн ишке ашуусундагы жеке методдун түзүмүнүн эң маанилүү элементтери биринчилерден болуп негизделди.

**7-жыйынтык.** Жаңы, автор азыркы маалымат технологияларына негизделүүчү уюштуруучулук тартиптеги ар түрдүү чараларды пайдалануу жолу менен жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишин жакшыртуу маселесин көтөрүп чыгат.

## 5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо.

Диссертациялык изилдөө негизги жоболорун жана изилдөөнүн натыйжаларын баяндоонун логикалуулугу жана ырааттулугу менен айырмаланат, алар ишенимдүү жана илимий негиздүү.

## 6. Диссертацияда баяндалган натыйжаларды алууга автордун дайындуу жеке катышуусу

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары атайын юридикалык адабияттарды жана чет өлкөлөрдүн мисалында мыйзам чыгаруу тажырыйбасынын материалдарын жеке окуп

үйрөнүүнүн жана талдоонун негизинде, изденип алуучу Чыныбаева Н.Ж., тарабынан алынган.

**7. Алынган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу көйгөйлөрдү, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталгандыгы**

Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну жана алынган натыйжалары, диссертанттын алдына коюлган, жыйындысында прокурордук көзөмөл, укук коргоо иштерин уюштуруу, ювеналдык юстиция үчүн өзгөчө маанилүү, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталган,

**8. Диссертациянын жарыяланган негизги жоболорунун, натыйжаларынын, тыянактарынын, корутундуларынын жетиштүү деңгээлдеги толуктугун ырастоо**

Диссертациялык жумушта туюнтмаланган алынган негизги жоболор жана натыйжалар, тыянактар ар түрдүү илимий-практикалык конференцияларда, тегерек үстөлдөрдө жана семинарларда жана изденип алуучунун 14 жарыяламасында өзүнүн толук чагылдырылышын тапкан.

**9. Авторефераттын диссератциянын мазмунуна шайкештиги**

Авторефератты жана диссертацияны салыштыруу процесси көрсөткөндөй, диссертациянын автореферааты диссертациянын мазмуну менен толук шайкеш келет, негизги жоболорун, тыянактарын жана натыйжаларын, ошондой эле автор тарабынан изилденген маселелердин логикасын жана талдоого алуунун ырааттуулугун чагылдырып турат.

**10. Диссертациянын мазмуну жана жол-жоболонуусу боюнча кемчиликтер.**

Чыныбаева Нургуль Женишевнанын диссертациясына жогору баа берүү менен, айрым кемчиликтерине жана талаш жараткан учурларга токтоло кетели:

1. Жашы жетпегендердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштуруунун көйгөйлүү аспектилери менен катар Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын иш өзгөчөлүгүнө да көбүрөөк көңүл буруп, бул жаатtагы талаш-тартыштарды белгилеп, келип чыккан кыйынчылыктарды жеңүүнүн жолун сунуштаса болмок.

2. Изилдөөнүн методологиясын кеңири баяндап, б.а. бул методологияны тандап алуунун себебин түшүндүрүп берсе, максатка ылайык болор эле.

3. Автор башка укуктук системадагы өлкөлөрдүн прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүндөгү жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү көзөмөл саясатын бекитүү жана ишке ашыруу, салыштырмалуу ыкмаларынын максатында алыскы чет өлкөлөрдүн авторлорунун илимий ойлорундагы жетишкендиктерди пайдаланса болмок.

Ага карабастан, бул сын-пикирлер дискуссиялык жана сунуштоо мүнөзүнө ээ жана диссертациялык иштин бүтүндүгүнө доо кетирбейт.

Иштин деңгээлине жогорку баа берсек болот, айтылган сын-пикирлер авторго каалоо иретинде, алар мындан аркы илимий изилдөөлөрдө ишке ашат деп ойлойбуз.

**11. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын ЖАК «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобосунун» койгон талаптарына ылайыктуулугу.**

Н. Ж. Чыныбаеванын иши жашы жетпегендердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө КР прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн

уюштуруучулук жана укуктук негиздери жаатында ченемдик базанын мыйзамдарын изилдөөгө жана жакшыртууга багытталган.

Н. Ж. Чыныбаеванын юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн жазган «Жашы жетпегендердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө КР прокуратура органдарынын ишинин уюштуруучулук жана укуктук негиздери» темасындагы диссертациялык изилдөөсү 2012-жылдын 22-августундагы «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө» Жобонун талаптарына жооп берет, ал эми анын авторуна 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу татыктуу.

**Оппонент:**

**Кыргыз Республикасынын ИИМдин милициянын генерал-майору Э. А. Алиев атындагы Академиясынын Башчысынын илим боюнча орун басары, юридика илиминин доктору, профессор** ______________ **Джоробекова А.М.**

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий
№01-1-2/111 от «07» 06 2021 г.

А. М. Джоробекованын

**кол тамгасын тастыктаймын**

**ОК катчысы** ______________ Катчылыктын укук инспектору С. Касымалиева

*( колу)* *( аты-жону)*